**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясынын 2024 – жылдын жана 2025-жылдын январь-апрель айларында аткарылган иштери боюнча отчету**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан демилгеленген "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү долбоору аяктап, Жогорку Кеңеш тарабынан 2023-жылдын 29-июнунда кабыл алынган.

"Эркин Тоо" гезитинин 2023-жылдын 22-августундагы №67-санында "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2023-жылдын 15-августундагы №180 Мыйзамы жарыяланган. Анда мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирери жана Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаров төмөнкүлөрдү тапшырган:

1. Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, аймактык адвокатура үч айлык мөөнөттө:

- өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;
- юстиция органдарында кайра каттоо жол-жобосун жүргүзсүн.

4. Адвокаттар кеңеши, этика боюнча комиссия, текшерүү комиссиясы жаңы курамдар шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын сактап калат.

“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жанаадвокаттык иш жөнүндө” КР Мыйзамынын жаңыредакциясына ылайык, Этика боюнча комиссиясыАдвокатуранын Адвокаттар кеңешинен көз карандысызорганы болуп саналат.

Этика боюнча комиссиянын саны 7 мүчөдөн турат, ал үч жылдык мөөнөткө шайланат. Мында адвокат - комиссиянын мүчөсүнүн адвокаттык стажы беш жылдан кем болбошу керек.

Этика боюнча комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

1) Адвокатуранын беш өкүлү;

2) Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин эки өкүлү.

2024-жылдын 27-январында Кыргыз РеспубликасынынАдвокатурасынын Адвокаттарынын Үчүнчү Кезектеги Съездинде Комиссиянын беш мүчөсү шайланды жанаЮстиция министрлигинин эки өкүлү буйрук менен дайындалды.

2024-жылдын 16-февралында Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнчакомиссиясынын жаңы курамы түзүлдү (мындан ары текстте- Комиссия).

Этика боюнча комиссиясынын курамы:

Айдакеева Н.А. (төрайым)

Белекова С.Ш. (төрайымдын орун басары)

Омуров А.Б.

Кекиликова Ч.С.

Эсенбаева Ж.А.

Базарбаев Н.А. (Юстиция министрлигинин өкүлү)

Карыбекова А.К. (Юстиция министрлигинин өкүлү)

Комиссия 2024-жылдын 16-февралында биринчи жыйынын өткөрүп, анда жашыруун добуш берүү менен Н.А. Айдакееваны Н.А. төрайым жана С.Ш. Белекованы төрайымдын орун басары кылып шайлаган. 2024-жылдын 28-февралында Комиссиянын жыйынында Комиссиянынимурдагы төрайымы - З.О. Арналиевадан З.О. коллегиалдуу түрдө, кабыл алуу-өткөрүү актысы боюнча 2021-жылдан 2024-жылдын январь айына чейинки аралыгындагы 257 кайрылуулар кабыл алынган. Арналиева З.Ю. кайрылууларды каттоо номерлери боюнча эмес, материалдардын саны боюнча тизмектеп өткөрүп берген. Алардын ичинен регламенти чыга элек 89 кайрылууларды учурдагы Комиссия карап, алар боюнча чечимдер кабыл алынган. Калган 168 кайрылуулар бүгүнкү күнгө чейин каралбай калууда, себеби алардын карол мөөнөтүн мурдагы Комиссия өткөрүп ийген. Жалпысынан алганда, 257 кайрылуулар белгисиз себептер менен Комиссиянын мурдагы курамы тарабынан каралган эмес. Комиссиянын мурдагы төрайымы Арналиевага З.О. кайрылуулар өз убагында каралбай калган себептер тууралуу түшүндүрмө жазып берүүсүн өтүнүп Комиссия билдирүү жиберүүнү коллегиалдуу чечим кабыл алган. Ошол эле учурда Комиссия мөөнөтү өтүп кеткен 257 кайрылуулар боюнча маалыматтык негиздеме даярдоону Комиссиянын мүчөсү Ч.С. Кекиликовага Ч.С. тапшыруу жөнүндө коллегиалдуу чечим кабыл алган. Ошондой эле жаңы кайрылуулар Ч.С. Кекиликовага Ч.С. берилбеши, бирок ал 257 кайрылуулар боюнча иш алып барууга, кирүүчү номерлери боюнча тизмектеп, алар боюнча маалыматтарды көрсөтүүгө милдеттендирилген. Бирок, Ч.С. Кекиликова ден-соолугунун начарлашына байланыштуу, өзүнүн жазуу жүзүндөгү арызы боюнча Комиссиянын курамынан чыгып кеткен, ошону менен бирге 257 кайрылуулар боюнча өзүнө алган милдеттенмени аткарбай койгон. Учурдагы Комиссия калган 168 кайрылууларды карай алган жок, анткени аларды кароо учурунда учурдагы кайрылуулардын мөөнөтү дагы өтүп кетмек. Ошондой эле Комиссиянын каралбай калган 267 арызын кароодо КР Юстиция министринин 2024-жылдын 29-майындагы №95 буйругу кыйынчылык жараткан, анда: «Негизги функционалдык милдеттерди өз убагында аткаруу максатында, Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин өкүлдөрү 2024-жылдын 1-июнунан тартып бир эле учурда үчтөн ашык арызды кароого албасын» деп айтылган.

Жаңы редакциядагы Мыйзамга ылайык, Комиссиянын мүчөлөрүнүн саны 9 дан 7 ге чейин кыскартылган. Эгерде Юстиция министрлигинин жогоруда аталган буйругун эске алсак, анда арыздардын басымдуу саны Комиссия мүчөлөрүнө- адвокаттарга жүктөлгөн. Ушундай шарттарда Комиссиянын 5 (беш) мүчөсү мурда жана учурдагы кайрылууларды бир эле учурда кароого жетишпей калышкан жана кыйынчылык жараткан. Ошондой эле, Комиссиянын мүчөлөрүнүн алмашылып турушу дагы маанилүү фактор болуп калды. 2024-жылдын 22-майынан 2025-жылдын 30-апрелине чейин Комиссиянын 6 (алты) мүчөсүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда өз калоосу менен арыз жазып токтотулуп, алардын ордуна Адвокаттардын Съездинде бекитилген резервдик тизмедеги талапкерлер келген (Мыйзамдын 8-бер. 7-бөл. ылайык).

Комиссиянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун жана аларды алмаштыруунун хронологиясы боюнча тизмеси:

1) Омуров А-нын ыйгарым укугунун токтотулушу - 22.05.2024-ж.

2) Резервден А.А. Сагитована алмаштырылган - 29.05.2024-ж.

3) Н.А. Айдакееванын- ыйгарым укугунун токтотулушу - 05.06.2024-ж.

4) Резервден А.А. Мамажановга алмаштырылган - 14.06.2024-ж.

5) Ч.С. Кекиликованын ыйгарым укугунун токтотулушу - 05.08.2024-ж.

6) Резервден Ч.З. Джумабаевага алмаштырылган - 12.08.2024-ж.

7) А.А. Мамажановдун ыйгарым укугунун токтотулушу - 28.10.2024-ж.

8) Резервден Т.К. Эргешовго алмаштырылган - 06.11.2024-ж.

9) Т.К. Эргешовдун Т.К- ыйгарым укугунун токтотулушу - 27.11.2024-ж.

10) Резервден А.А. Аргымбаевага алмаштырылган - 04.12.2024-ж.

11) А.А. Аргымбаеванын А.А- ыйгарым укугунун токтотулушу - 23.04.2025-ж.

12) Резервден О.К. Мадиновго алмаштырылган - 30.04.2025-ж.

Н.А. Айдакееванын Комиссиядан өз каалоосу менен кетүүсүнө байланыштуу Комиссиянын төрагасынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган, ошого байланыштуу 2024-жылдын 5-июлунда кайрадан шайлоо болгон: Комиссиянын төрагасы болуп - Белекова С.Ш., төраганын орун басары болуп - Ч.С. Кекиликова шайланган. Андан ары Ч.С. Кекиликованын Комиссиядан өз каалоосу менен кетүүсүнө байланыштуу, 2024-жылдын 05 августунда Комиссиянын мүчөсүнүн жана төрагасынын орун басарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулуп, 2024-жылдын 23 сентябрда А.А. Сагитова төраганын орун басары болуп кайра шайланган. Юстиция министрлигинин өкүлдөрүнүн арасында да ушундай эле алмашуулар орун алган, мисалы: 2024-жылдын 16 февралында № 26 буйрук менен Базарбаев Н. А. жана Карыбекова А. К. дайындалган. 2024-жылдын 03 июлунда №120 буйрук менен Жакыпова А. А. жана Озеров М. К. дайындалган. 2025-жылдын 11 мартында №45 буйрук менен Бекмуратов А. А. жана Карыбеков А. А. дайындалган. 2025-жылдын 29 апрелинде №82 буйрук менен Малобекова Р.Э. дайындалган. Жыйынтыгында 1 жыл жана 2 айдын ичинде 7 дайындоолор жана кайра дайындоолор болгон.

Мыйзамдын жаңы редакциясына ылайык, кароо мөөнөттөрү өзгөртүлгөн, Комиссияга келип түшкөн кайрылуулар келип түшкөн учурдан тартып бир айдан кечиктирилбестен каралууга тийиш (8-1-берененин 6-бөлүгү), Мыйзамдын мурдагы редакциясында кароо мөөнөттөрү - төрт айды түзгөн, ал эми өзгөчө учурлардада бир айга узартылган.

Мыйзамдын жаңы редакциясында Комиссия кайрылууну бир айдын ичинде кароого тийиш, анын ичинен 7 жумушчу күндүн ичинде адвокаттан түшүндүрмө алуу жана чечим чыгаруу керек, ал эми өзгөчө учурларда кароо мөөнөттөрү дагы бир айга узартылат (Этика комиссия боюнча жобонун 4-параграфынын 3.4., 3.2-п.п.).

Кайрылууларды кароо мөөнөттөрү бир айга кыскартылганга карабастан, Комиссия 2024-жылы жана 2025-жылдын январь – май айларынын аралыгында 60 жыйын өткөрүп, жалпысынан 584 кайрылууларды караган.

***2024-жылы 449 кайрылуулар келип түшкөн, анын ичинен:***

- Бишкек шаарынын аймактык Адвокатурасы – **219**
- Чүй облусунун аймактык Адвокатурасы – **73**
- Ош шаарынын аймактык Адвокатурасы – **61**
- Ош облусунун аймактык Адвокатурасы – **22**
- Жалал-Абад облусунун аймактык Адвокатурасы – **24**
- Ысык-Көл облусунун аймактык Адвокатурасы – **14**
- Баткен облусунун аймактык Адвокатурасы – **4**
- Талас облусунун аймактык Адвокатурасы – **11**
- Нарын облусунун аймактык Адвокатурасы – **4**
- Адвокат эмес жарандарга – 12

- Мамлекеттик органдардан жана соттордон келген суроо-талаптар **– 5**

***2025-жылы январь-апрель айларында 135 кайрылууларкелип түшкөн, анын ичинен:***

- Бишкек шаарынын аймактык Адвокатурасы **– 62**
- Чүй облусунун аймактык Адвокатурасы **– 23**
- Ош шаарынын аймактык Адвокатурасы – **21**
- Ош облусунун аймактык Адвокатурасы **– 10**
- Жалал-Абад облусунун аймактык Адвокатурасы **– 8**
- Ысык-Көл облусунун аймактык Адвокатурасы – **2**
- Баткен облусунун аймактык Адвокатурасы – **1**
- Талас облусунун аймактык Адвокатурасы – **1**
- Нарын облусунун аймактык Адвокатурасы **– 0**
- Адвокат эмес жарандар – **7**

***2024-жылдагы кайрылуулар:***

- Жеке жана юридикалык жактардан – 344
- Мамлекеттик органдардан – 46
- Соттордон – 55 (24 жеке аныктамалар, 31 кайрылуулар);
- КР Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинен – 1
- Чүй облусунун аймактык Адвокатурасынынмүчөлөрүнөн – 3

Жыйынтыгы: 449 кайрылуулар

*2025-жыллын январь-апрель айларындагы кайрылуулар:*

- Жеке жана юридикалык жактардан – 103
- Мамлекеттик органдардан – 11
- Соттордон – 21 **(***16 кайрылуулар, 5 жеке аныктамалар)*

**Жыйынтыгы: 135 кайрылуулар**

***ТАРТИПТИК ЖАЗА ЧАРАЛАРЫ:***

- Эскертүү - 3
- Сөгүш - 22
- Лицензиянын колдонулушун токтото туруу:

\- *мүчөлүк акы төлөбөгөндүгү үчүн лицензияны токтотуруу чечими –1 (67 адвокатка),*

\- *этиканы бузгандыгы үчүн – 14, анын ичинен:*

  - *6 айга – 7*
  - *1 жылга – 6*
  - *3 жылга – 1*

- *Лицензиядан ажыратуу – 3*
- *Тараптын жарашуусуна байланыштуу кайрылуунукайтарып алуу – 10*
- *Каралбай калган – 514 кайрылуу*
- *Дисциплинардык кароо токтотулган -12*

-тартиптик жоруктун курамы жоктугуна байланыштуу - 6
-жоруктун анча маанилүү эместигине байланыштуу - 4
-тартиптик жоопкерчиликке тартуунун мөөнөтүнүн өткөндүгүнө байланыштуу - 2

- *Мамлекеттик органдардын жана соттордун суроо-талаптарына жооптор – 5*

## Тартиптик өндүрүштү талдоо

**Жалпы кортундулар:**

1. Адвокаттарга карата кайрылуулардын санынын көбөйүшү жарандардын укуктук сабаттуулугунун жогорулашына же адвокаттар менен натыйжалуу профилактикалык иштердин жоктугуна байланыштуу болушу мүмкүн.
2. 584 кайрылуулардын 514 каралбай кайрылган. Каралбай калган кайрылуулардын көптүгү себептерди системалуу талдоону талап кылат деген тыянак чыгарууга болот (мисалы, формага дал келбөө, кароого жатпагандык жана башка себептер).
3. Олуттуу тартиптик чаралардын үлүшү (лицензияларды токтото туруу) дагы деле басымдуу бойдон калууда, бул адвокаттык этиканын ченемдерин бузуулардын алдын алууну күчөтүү зарылдыгын билдирет.
4. Кайрылуулардын басымдуу бөлүгү ири шаарлардан, өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларынан келип түшүүдө, бул адвокаттар коомчулугунун жыштыгын жана калктын жогорку укуктук активдүүлүгүн чагылдырат.